| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XXVIII-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 26-июну № 32** **Барскоон айылы**

**Жергиликтүү бюджеттен айылдын өнүгүүсүнө акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Барскоон жергиликтүү кеңешине, айыл өкмөтүнө келип түшкөн кайрылууларын жана айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин оозеки кайрылуууларын угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 51-беренесине ылайык, жергиликтүү бюджетинин эсебинен төмөндөгү максаттарга акча каражаттары бөлүнүп берилсин:

- Барскоон айылындагы "Барскоон" мектепке чейинки билим берүүнүн жетекчиси А.Эсенгулованын кайрылуусу канагаттандырылып кезектеги ремонтуна кошумча жана кошумча тайпага эмеректерди алууга жана электр түйүндөрүнө керектүү материалдарды алууга экономдолгон акча каражатынан 280 560 (эки жүз сексен миң беш жүз алтымыш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Тамга айылындагы "Байчечекей" мектепке чейинки билим берүүнүн жетекчиси М.Мамбеталиеванын кайрылуусу канагаттандырылып, кошумча тайпага эмеректерди алууга экономдолгон акча каражатынан 850 000 (сегиз жүз элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылындагы "Орумбаев" атындагы мектепке чейинки билим берүүнүн жетекчиси Г.Султанбаеванын кайрылуусу канагаттандырылып, этно тайпа ачууга керектүү материалдарды алууга жана суу топтогуч системаларын жасатууга экономдолгон акча каражатынан 893 000 (сегиз жүз токсон үч миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылындагы Э.Кендирбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин мүдүрү Т.А.Тойгонбаевдин кайрылуусу канагаттандырылып, азык-түлүк сактоочу кампасын ремонттоого 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Тамга айылындагы Ала-Тоо көчөсүнүн ички жолун оңдоого 200 000 (эки жүз миң) сом бөлүнүп берилсин.

- Тосор айылындагы жаңы конушуна электр чубалгычтарын тартууга экономдолгон акча каражатынан 650 000 (алты жүз элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылындагы ички жолдорду асфальт төшөө иштерине каралган 2 658 000 (эки миллион алты жүз элүү сегиз миң) сом акча каражаты “Туюк” суусун тартууга чыгымдалсын.
- Барскоон айылындагы Т.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин арыктарына лоток орнотууга 350 000 (үч элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Туризмди өнүктүрүү планын даярдоого 50 000 (элүү миң) сом бөлүнүп берилсин.
- Тосор айылынын таштандыларды тазалоо иштерине жана Тамга, Тосор айылдарынан барган кызматкерлерине күйүүчү майга 100 000 (бир жүз миң) сом, жергиликтүү кеңештин депутаттары жыйындарга, окуу семинарларга катышууга күйүүчү майына 100 000 (бир жүз миң) сом бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айылындагы айыл өкмөтүнө тиешелүү мурунку бош диагностика борборунан бөлмө бөлүнүп ичин ремонтоого жана суу түтүктөрүн киргизүүгө 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Тамга, Тосор айылдарына раскол салууга 400 000 (төрт жүз миң) сом жана мал чарбачылыгына каустикалык сода алууга 26 000 (жыйырма алты миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
- Барскоон айыл өкмөтүнө тиешелүү топоздорду багып жаткан чабандын эмгек акысына 1 (бир) баш топоз берилсин.
- Махмуд Кашкари эстелигине капсула салуу иштеринин иш-чарасына кеткен чыгымдарына 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты бөлүнсүн.
- МАК-2024” операциясын өткөрүүгө 30 000 (отуз миң) сом акча каражаты бөлүнсүн.

2. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин финансы-экономикалык, социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска